# Улуттук банк ноталары

*(2012-жылдын август айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Август айында болгон Улуттук банк ноталарынын төрт аукционунда жалпысынан 1,5 млрд. сом суммасына баалуу кагаздар жайгаштырылган, бул өткөн айдын ушул сыяктуу көрсөткүчүнө караганда 37,7 пайызга төмөн. Июлдагыдай эле, сатуунун бардык көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар менен берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү үч коммерциялык банк аркылуу сатылып алынган жана сатуу түзүмүндө жалпы үлүшү 77,0 пайызды түзгөн. Мында суроо-талаптын чогуу алынган көлөмү август айында өткөн айга салыштырганда, өткөрүлгөн ноталардын аукциондорунун санынын азаюусунан гана эмес, июль айындагы 769,1 млн. сомго каршы 504,5 млн. сом өлчөмүндө түптөлгөн суроо-талаптын көлөмүнүн төмөндөшүнүн эсебинен төмөндөгөн. Жыйынтыгында август айында сатуунун орточо алынган аукциондук[1] көлөмү өткөн айга караганда 22,2 пайызга төмөндөө менен, 373,6 млн. сомду түзгөн. Каралып жаткан мезгил ичинде көпчүлүгү эмитент тарабынан өткөрүлгөн ноталарга болгон суроо-талап июлдун акыркы декадасынан, Улуттук банк жүргүзгөн акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык аукцион үчүн 450,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн сунуштардын көлөмүнөн ашып кеткен.

Август айында жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү аркылуу гана берилген Улуттук банк ноталарынын орточо кирешелүүлүгү 0,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 4,9 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Каралып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 1,5 млрд. сом деңгээлинде түптөлүп, коммерциялык банктардын ноталарынын маанилүү бөлүгүн төлөөнүн эсебинен, 23,4 пайызга төмөндөгөн. Натыйжада Улуттук банк ноталарына

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат. Анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз көлөм болуп эсептелет.

негизги ээлик кылуучу болгон коммерциялык банктардын үлүшү айдын жыйынтыгы боюнча резидент болгон юридикалык жактардын портфелинин салыштырма салмагы бир убакта 8,8 пайыздан 39,4 пайызга жогорулаган учурда, 32,2 пайыздык пунктка, 52,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда институционалдык инвесторлордун үлүшү ноталардын өздүк портфелиндеги баалуу кагаздардын көлөмүнүн азаюусуна карабай, 1,6 пайыздык пунктка, 8,2 пайызга чейин өскөн, ал эми резидент болгон жеке адамдардын салыштырма салмагы мурдагы деңгээлде, 0,1 пайызда сакталып калган.

Каралып жаткан мезгил ичинде ноталардын концентрациялануу индексинин[2] көрсөткүчү (0,27) концентрациялануунун жогорку деңгээли сакталышын көрсөтөт, бул рынокто бирдей үлүшү менен төрт ири катышуучунун катышуусуна дал келет.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.09.2011 | 1 357,2 | 899,5 | 66,3% | 55,9 | 4,1% | 0,8 | 0,1% | 401,0 | 29,5% |
| 01.10.2011 | 1 368,4 | 1 055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1 738,2 | 1 345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1 732,4 | 1 215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |

[2] Бул индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздары концентрациялоо даражасын көрсөтөт. Концентрациялоо индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы менен эсептелет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт.Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилердин интервалында жатат. Индекстин 0,10дон аз мааниси концентрациялоонун төмөнкү; 0,10дон0,18ге чейин – концентрациялоонун орточо деңгээлине, 0,18ден жогору – концентрациялоонун жогорку деңгээлине дал келет. Мисалы, 0,50гө барабар концентрациялоо индекси рынокто бирдей үлүштөрү менен эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун болушуна дал келет. ж.б.